# Ардактуу
# БАКЕН ЭЖЕ!

Ала-Тоонун кызыл жагоочон жеткинчектери Сиздин 50 жашка толушуңузду чын жүрөктөн куттукташат.

Ардактуу эже, Сиз отуз алты жыл бою театр сахнасында, киноэкранда талыкпай эмгектенип искусствонун бул тармактарында жаркын жылдыз катары жанып келдиңиз.

Эже, азыр элүү жашка келип, чыгармачылык талантыңыздын гүлдөп турган кезинде биздин айтарыбыз — сизге мыкты ден-соолук, узак өмүр, бактылуу турмуш каалайбыз жана да кыргыз аялдарынын даңкын алыска жеткирген образдар жарала берсин.

Миңдеген кызыл жагоочондордун, мектеп окуучуларынын жана салабаттуу окурмандардын атынан

„Жаш Ленинчи" Журналынын коллективи

Т. Садыков
М. Бумаркиева
[illegible]

# *Урматтуу*
# БАКЕН ЭЖЕ!

*Кыргыздын театр искусствосунун басып өткөн жолу Сиздин өмүрүңүз жана чыгармачылыгың менен тыкыс байланыштуу экендигин республикабыздын жаштары жакшы билишет.*

*Байсалдуу өмүрүңүздүн театр сахнасындагы 36 жылынын ичинде Лауренсиядан Сейдеге чейинкилердин образдарын талантуу түзүү аркылуу республикабыздын уландары менен кыздарынын сезимин байыта алдыңыз. Советтик Кыргызстандын театр искусствосунун басып өткөн жолун сизден бөлүп кароо эч мүмкүн эмес. Сүйүктүү театрыбыздын сахнасы өзүңүз түзгөн ажайып образдар менен жылдыздуу, жүрөккө жакын көрүнөт.*

*Сизди кино искусствобуздун да чебери катары жакшы билебиз, кинофильмдерде кыргыз аялдарынын образын жеткилең түзүү менен миңдеген көрүүчүлөрү бар аудиторияларга чыга алдыңыз.*

*Кымбаттуу Бакен эже! Элүү жыл ичинде даңазалуу иштерди жараткандыгыңызга республикабыздын жаштары терең сыймыктанышат. Бүгүнкү күндө чыгармачылык баралыңыздын туу белинде турасыз. Сизди дагы да бараандуу эмгектик белестер күтүп турат. Эмесе, чың ден соолукта болуп, ошол белестерди аша бериңиз.*

*„Ленинчил жаш" газетасынын*
*кызматкерлери.*

Народной артистке Союза ССР,
Лауреату Государственной премии
Киргизской ССР им. Токтогула

БАКЕН КЫДЫКЕЕВОЙ

# Многоуважаемая
# БАКЕН КЫДЫКЕЕВНА!

Министерство культуры Казахской ССР, Казахское театральное общество и коллектив Казахского академического театра драмы имени М. Ауэзова сердечно поздравляют Вас с днем рождения.

Мы знаем Вас, как одну из замечательных актеров киргизского театра. Ваш славный творческий путь всегда был ярким примером беззаветного служения многонациональному искусству советского народа. Придя в театр в юные годы, Вы, Бакен Кыдыкеевна, вот уже более тридцати пяти лет радуете своих почитателей. Сознание большой социальной значимости профессии актера, яркий самобытный талант и огромный кропотливый труд позволили Вам создать целую галерею замечательных образов на сцене Киргизского государственного академического театра драмы в постановках русской и мировой классики, произведений советских и зарубежных драматургов.

Многие казахские актеры, которым доводилось участвовать вместе с Вами в создании кинокартин, с огромной благодарностью вспоминают о благотворном влиянии Вашего искусства.

Поздравляя с днем рождения, желаем Вам, Бакен Кыдыкеевна, долгих лет жизни, крепкого здоровья, большого человеческого счастья и новых творческих успехов во имя дальнейшего расцвета нашего многонационального советского искусства.

**Министр культуры Казахской ССР М. БАЗАРБАЕВ**
**Председатель КазТО Р. ДЖАМАНОВА**
**Директор театра А. МАМБЕТОВ**